Бардык мас кылуучу ичимдиктер арак. Ал эми бардык мас кылуучу ичимдиктер арам. Кимде-ким бул дүйнөдө арак ичип жүрүп тообо кылбастан өтүп кетсе, акыретте аны иче албайт

Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтты: "Бардык мас кылуучу ичимдиктер арак. Ал эми бардык мас кылуучу ичимдиктер арам. Кимде-ким бул дүйнөдө арак ичип жүрүп тообо кылбастан өтүп кетсе, акыретте аны иче албайт".

[Сахих (ишенимдүү)] [رواه مسلم وأخرج البخاري الجملة الأخيرة منه]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамды акылынан тайдырып, эсин кетире турган нерсенин баары, мейли ал суюк ичимдик болсун, мейли жей турган нерсе болсун, мейли жыттай турган түтүн болсун, баары хамр, мас кылуучу деп эсептелерин айткан. Акылдан кетире турган нерсенин баарына Аллах Таала тыюу салып, азын да, көбүн да арам кылган. Мындай мас кылуучулардын кайсы түрү болбосун, аны колдонуп, токтотпостон ичип жүрүп, тообо кылбай дүйнөдөн өтүп кетсе, ал бейиштеги насибинен куру калтырылып Аллахтын азабына дуушар болот.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/58259